| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>МАНАС<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МАНАССКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

I чакырылыштын 3-(кезектүү) сессия

**ТОКТОМ №9**

**03.02.2025- ж.** **Манас айылы**

**“№54 - Жарлыкты бекитүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча” ПЖ №54-Жарлыктын негизинде Манас айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас айыл аймагынын жарандарынын жашоосунун социалдык жана экономикалык деңгээлин көтөрүү үчүн каада-салттарды, салтанаттарды жана диний үрп-адаттарды тартипке келтирүү максатка ылайыктуу деп эсептелсин

2. Манас айыл өкмөтү:

каада-салттарды, салтанаттарды жана үрп-адаттарды тартипке келтирүүнү караган үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону иштеп чыксын жана бекитсин;

- бул маселе боюнча калк арасында кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;

- салтанаттарды жана диний үрп-адаттарды өткөрүүчү адамдарга тиешелүү сунуштарды берсин;

- маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды жана башка үй-бүлөлүк иш-чараларды өткөрүүдө ысырапкерчиликке жол бербөө жөнүндө калк арасында кеңири маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү уюштурсун;

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү, Манас айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э.Мусурманкуловго калтырам.

**Төрага** **К.К.Атабаев**